*Дуйшонбуева Назгул Мустапаевна*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*
*Кудайназарова Клара Джолдошбековна*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*
*Толубаева Жамиля Жолчуевна*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*

# ЖАШТАРГА АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Дуйшонбуева Назгул Мустапаевна*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*
*Кудайназарова Клара Джолдошбековна*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*
*Толубаева Жамиля Жолчуевна*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*

# ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ МОЛОДЕЖИ.

*Duyshonbuyeva Nazgul Mustapaevna*
*Kyrgyz National University Zhusup Balasagun*
*Kudainazaroova Klara Djoldoshbekovna*
*Kyrgyz National University Zhusup Balasagun*
*Tolubaeva Jamila Jolchuevna*
*Kyrgyz National University Zhusup Balasagun*

# ETHNO PEDAGOGICAL BASIS OF MORAL EDUCATION TO THE YOUTH.

***Аннотация.*** *Кыргыз элинин рухаий жана адеп-ыйман баалуулуктары менен алдынкы дүйнө таанымды айкаштырган жаштард өстүрүүдө этнопедагогиканын колдонулушу чагылдырылган.*

***Аннотация.*** *Использование этнопедагогики показано в процессе взросления молодежа, объединившего культурные богатства и верования с передовым взглядом кыргызов.*

***Annotation.*** *The using of ethno pedagogics is shownib the process of growing up the youth combined the cultural wealth and the wealth of good breading and beliefs with the advanced out looking of kyrgys people.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *адеп-ахлактык тарбия берүү, элдик педагогика, ыйман балуулуктары.*

***Ключевые слова:*** *нравственное воспитание, этнопедагогика, культурное богатство*

***Key words:*** *wealth of good breading, volubility of tolerance, people's pedagogy.*

Билим берүү-жаштарга маалымат берүү эмеспи. Бүгүнкү замандын талабына ылайык жаштар кайсы билимге, кандай маалыматка муктаж. Илим менен табылган билимге салыштырганда, жаштар турмуш тажрыйба менен табылган билимге көбүрөөк муктаж. Ыймандуу, уяттуу, намыстуу, адептүү, элин, мекенин сүйгөн, рухий наркты өйдө койгон, пейили кенен маңдайы жарык, мээнеткеч, сабырдуу, кайраттуу, калп айтпаган, алдабаган, чынчыл адамдарга элибиз муктаж. Ушул сапаттагы жаштарды тарбиялоо билим берүү тармагындагы өзөктүү милдет деп эсептейм.

Бул милдет менен ажыратылгыс бирдикте жаштарга улуттук дөөлөттү чечмелеп, түшүндүрүп, тарых санжырабызды айтып, тилибиздин, салтыбыздын, өнөрлөрүбүздүн баркын билгизип, рухий баалуулуктарыбыдын сырын ачып берүү милдети турат.

Азыркы заманбап цивилизацияда кыргыз жаштарынын орду барбы? Жаштар канчалык артта калды, кайсы жактарынан алдыда баратышат. Максаттары, койгон милдеттери кайсы жана эмнеге умтулуулары керек.

Албетте, орду бар. Бирок ал орунду биз жана бизден улуу эки-үч муун кыргыз камсыз кылган жок. Ал орунду байыркы бабаларыбыз козголгуз жана талашсыз ээлеп, араб, түрк, перс, кытай жана башка элдердин тарыхына кирип, бизге мурас кылып калтырышты. Мекенибизди куруп, тилибизди, салтыбызды, улуу-кенже дастандарды жаратып, тил-комуз-кол өнөрчүлүктү өркүндөтүп, тарых, санжыраны калтырып, теңирчилик дүйнө таанымды түптөп, XXI кылымга жеткизип, адамзаттын тарыхында татыктуу, биз сыймыктануучу салмактуу ордун калтырган байыркы бабаларыбызга дайыма таазим кылып жүрөлүк.[5]

Кыргыз эли дастандарды айтуу менен, өзүнөн кийинки жаш муундарга мурункунун сабагын мазмуунду ырларга салып, адеп-ахлака, ыйманга, элди-жерди коргоого, турмушту таанытууга, табиятты сүйүүгө жана да сөз өнөрүн үйрөтүүдө нагыз элдик педагогдун милдетин аткарыщкан. [2]

Азыр Ала-Тоо аймагыбызга туш тараптан ар кандай оң да, терс да таасирлердин агылып келип жатышы, ааламдашуу процессинин мурда болуп көрбөгөндөй тездеши бизди улуттук баалуулуктарга, артта калган дөөлөттөргө кайрылууга мажбур кылууда, ал эми мына ушундай кезде кыргыз улутун улут катары саясый партиялар, диний агымдар, эл аралык донор уюмдар куткарбайт, дагы да болсо куткаруучу күч – элдин кылымдар бою колдонуп келген таалим-тарбиялык салттары. Андыктан да аны азыр болочокто мугалим болуучу студенттерибизге, алар аркылуу окуучуларга, кыскасы, келечек муундарыбызга таратуубуз керек деген максатта педагогикалык адистик берүүчү кээ бир окуу жайларында этнопедагогика деген сабак окутулат.

Кылымдар эңсеген эгемендүүлүтүн туусу өзү конуп, Кыргыз Республикасы аталганыныа 25 жылдан ашып кады. Эркиндиктин декларациясы жарыяланып, адамзат цивилизацияны тандаган демократияны (эл бийлигин) кабылдаганбыз. Эгемендүүлүктүн шартында кыргызстандыктардын Ата-Мекени-кыргызстандын тарыхына болгон кызыгуу жогорулады. Кылымдар карыткан кыргыз тарыхын изилдеп үйрөнүүгө, аны республикабыздын окуу жайларында окутууга өзгөчө көңүл бурулууда. Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен, орто билим берүүчү мектептерде тарыхты окутуу боюнча программада Кыргызстан тарыхын окутууда мектеп жайгашкан региодун (шаардын, облустун, райондун ж.б.) тарыхын окутууга да көңүл бурулган. [1] Белгилүү болгондой алмустактан бери эле акыйкат жеңип келет

эмеспи. Ошол акыйкат ээлери XVIII кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын биринчи чейрегине чейин жашап өткөн Ысык-Көлдүн Акелери да кыргыз санжыра тарыхындагы элдик инсандардын катарында. Алардын бул жашоодо басып өткөн жолдору, адамдык нарк-насилдери, акелик касиеттери жөнүндө бурмалабай чагылдыруу адилет иш. Ата-бабаларыбыз руханий улуу мурастарды-залкар жана чакан эпостор, дастандар, уламыштар, накыл кептер, нуска сөздөр, ырым-жырым, бата ырлыры, Кыргыздын чечендик сөздөрү, уламыштар, табышмактар ж.б. өңдүү оозеки элдик чыгармаларды айтып калтырышкан. Улуулар турмушта болгон ар кандай окуядан акыл менен жыйынтык чыгарып, улам кичүүлөргө накыл кылып айтып калтырышкан. Алар кичүүлөр үчүн жүрүм-турумдун элдик эрежелери катары кабылдаган. Аны бузу жосунсуз жорук катары бааланган. Макал-лакаптар акыл-эске, адепке, эмгекке, билимдүү болууга, элди коргоого, ата-мененге кызмат кылууга чакырат. Мисалы макал-лакаптарды көп билүү инсанды чечендике тарбиялайт. [3]

Дүйнө элдердин ичинен жалгыз кыргызда гана Манас дастанын жатталбай ооз-эки айтылып келген. Аян алуу менен айтуу мүмкүн экендигин илимий жактан Джон Экклстын теориясы да ырастайт. Эпостогу окуялар кыргыздын тарыхы болгондуктан, ал тарых окуу китептерине киргизилип мектепте, ЖОЖдо «Манас таануу» сабагынан тышкары окутулуп келүүдөл. Манас жана акындар айткан кенже дастандарынын санаттарынын таасиринде инсандын өзүн өзү таануусунан анын чала түшүнүктөрү такталып, системалуу болуп, ошондуктан ыйман жолуна түшүү менен адам болуу билими калыптандырылып кыргызды башка элдерден айрымалаган бөтөнчүлүктөрү жаратылат! Манас эпосунун маани-маңызы ушунда. Кыргыздын манасчылык жана төкмө акындык өнөрчүлүгү Жараткан менен ага берилген бөтөнчүлүктүн бири. Санжыра санаттарынын ооз-эки айтылышы менен элге «университеттик» билим берүү болуп келгендей. Ошондо, кала берсе, азыркы университеттик билимге караганда туурараак фундаменталдуу концепциялар үйрөтүлгөндөй [4]

Кыргыз эли өз алдынча мамлекет болуп жарыяланган соң оозеки чыгармачылыкка жаңыча көзкараш менен баа берилип, элдик маданий мурас катары өзгөчө мамиле жасала баштады. Элибиздин улуттук өзгөчөлүктөрүнө туура келген комплекстүү реформаларды жүргүзүүгө жана андан ары өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түздү. Бул кайра түзүүлөр илимий-педагогикалык тармакта да чоң милдеттерди чечүүнү алдыга койду. Азыркы шартта билим берүүнүн максаты жана маңызы базар экономикасынын мамилелери менен аныкталып баратат. Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы бул принциптин бардык инсандарга бирдейлигин далилдөөдө. Педагогикалык концепциялардын ар түрдүүлүгү жаңы шартта инсандын билим-тарбия алуу талаптарына альтернативдүү жолдордун көрсөткүчү болуп эсептелет. Бүгүнкү билим берүү концепциясынын негизинде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга, баарынан мурда элдик педагогиканын бай, баалуу салттарына багыт алуу, ага кайрылуу жатат. Анткени, анда Кыргызстан өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгондон баштап жаштарды мектепте окутуп-тарбиялоону элибиздин байыртадан келе жаткан элдик педагогикалык идеялары аркылуу байытуу менен жүргүзүүгө кеңири жол ачылгандыгы белгилүү. Элдик педагогика – билим берүүнүн гана эмес, элдик маданияттын да бир бөлүгү. Ал илимий педагогика менен катар инсандын активдүүлүгүн, баарынан да рухий-ыймандык жүрүм-турумун бекемдөөнү

камсыздайт. Жаштардын акылын жетилдирип, адептүүлүккө тарбиялоонун жана атуулдук сапаттарын калыптандыруунун түгөнгүс булагы болуп элдин эмгек, адептик салттары, тажрыйбалары сөзсүз бааланат. Адамзаттын көрүнүктүү өкүлдөрү өз Ата Мекенинин тарыхын жаштарга үйрөтүүгө, өсүп келе жаткан жаш муундардын адеп-ахлагын, Мекенге болгон сүйүүсүн өнүктүрүү маселелерине чоң маани берет. Кыргыз элдик педагогикасынын өзгөчөлүктөрү жана анын илимий педагогикадагы орду С. Рысбаев, А. Муратов, Ж.Бешимов, А.Э.Измайлов, Н.Имаева, Ж.Койчуманов, З.Кусеинова, К.Кыдыралиев, Т.Ормонов, М.Рахимова, У.Эгембердиев ж.б. тарабынан алгач ирет изилденген. Окуучуларды тарбиялоонун элдик тажрыйбалары каада-салттарда, элдик оозеки чыгармаларда камтылган жана алар С.Рысбаев, Б. Абдухамидова, Б. Асаналиев, Ч.Бекбаева, Б. Мукамбетова, С.Иптаров, А.Калдыбаева, С.Саипбаев, Т.Танаев, Т.Уметов ж.б. изилдөөлөрүндө чагылдырылып келет.

Жаштар алган тарбия билими, улут таануу, тарых жана илимий билимдер келечекте кыргыз элинин, жалпы коомчулуктун биримдигин, ытымагын, рухий тазалыгын, адеп-ахлагын, маданиятын, күчтүү эркин камыз кылып тургандай болуш керек.

Адеп-ахлак адамдын жүрүм-турумунун негизи. Адамдын жүрүм-туруму жана мамилеси, анын жакшы кулу-мүнөзүнө байланыштуу болот.

Адамзат бул дүйнө жана акырет бактылуулугуна бир гана жакшы апеп-ахлак менен жетет. Биз жакшы адеп-ахлактарды карману менен гана, жерде өзүбүздөн кийин канаттандыраарлык урпактарды калтыра алабыз. Буга Пайгамбарыбыз (С.А.В.) анын халифалары жана анын жолун жолдогондор эң жакшы далил боло алат. Ал эми биз көрүп турган мусулмандар арасындагы тынчсыздануулар, көйгөйлөр жана адашуулар, биздин адеп-ахлактарды таштап салуубуздун натыйжасы. [6]

Президент Алмазбек Атамбаев 5-январда, "2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялоо жөнүндө" жарлыкка кол койгон.

Ыйман, адеп, маданиятттулук аркылуу, таалим-тарбиянын тийиштүү базасында кабыл алуу, мамиле кылуу менен көп нерселерди так айырмаласак болот: акты жана караны, оңду жана терсти, пайдалуу, келечектүү нерселерди жана зыяндуу нерселерди. Акыл-эс үнүн угуп, саясий жана экономикалык-социалдык көйгөйлөрүбүздү сабырдуу түрдө жана ынтымакта чечсек болот. Бири-бирибизге аяр, сылык мамиле менен ынтымактуу бир эл, мекендештер катары жаркын келечегибизди жакындатсак болот. Бүгүнкү күндө жарандарыбызда, өзгөчө жаштарыбызда, ыймандуулукту, адеп-ахлактуулукту, маданияттулукту, таалим-тарбияны жогорулатуу иш-аракетери мамлекеттик колдоосуз мүмкүн эмес. Ушул себептен айтылып жаткан Жарлык – өз мезгинде чыккан жана абдан керектүү документ. 25 жылдан бери бул багытта көптөгөн көйгөйлөр жалгыз билим жана маданият тармагынын, ата-энелердин, балдардын көйгөйү болуп, көптөгөн маселелер унутта калып, жарандарыбыздын, өзгөчө жаштарыбыздын, ыйманы, адеби, маданияттуулугу, таалим-тарбиясы башка сапаттарга орун алдыра баштады. Материалдык нерселер руханий дүйнөбүздү тарыта баштады. Коомубуздун чыныгы жаркын келечекке бет алып өнүгүүсү үчүн айтылган сапаттар биринчи орунда болушуна убакыт келди. Бүгүнкү күндө жаштарыбыздын таалим-тарбиясына, жүрүм-турум маданиятына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Адам – коомдо тарбияланып, коом менен адамдык касиеттерге ээ болот. Ыйман, адеп жана маданият – ажырагыс түшүнүктөр.

Жарандарыбыздын өз өлкөсүнүн жана элинин тарыхына кызыгуусу өсүп, ата-бабалардын көөнөргүс маданияты менен мурасы жанданды. Байыркы жана бай тарыхы бар, Улуу Каганат курган эл экенибизди жүрөгүбүз менен сездик, жаңы дем, жаңы күч алдык, улуттук сыймыктануу сезими жаралды. Улуттук маданиятыбызда ата-бабалар мурасын алдыңкы көз караштар жана технологиялар менен ширештирген жаңы көрүнүштөр жаралууда.

Ата-Журттун нукура байлыгы – эл. Учурда кыргыз элинин мезгил сыноосунан өткөн руханий жана адеп-ыймандык асыл-нарктары менен алдыңкы дүйнө таанымды айкаштырган ар тараптан жетик инсанды калыптандыруунун мааниси өстү. Кыргызстан ийгиликтүү өнүгүшү үчүн жарандарыбыз, жаштарыбыз адептүү жана ыймандуу, терең билимдүү, башка ой-пикирлер менен көз караштарга сабырдуу болуп тарбиялануууга жана, албетте, өз элинин тарыхы менен маданиятын билүүгө тийиш. Ошондуктан, азыркы шартта заманбап билим берүү, маданият жана маалымат саясатын калыптандыруу, өз тарыхыбыз менен маданиятыбызга таянуу аркылуу таалим-тарбия системасын түзүү мамлекеттин маанилүү милдети болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. К. Асанбеков. Ысык-Көлдүн жети акеси.
2. С.Рысбаев, Б.Абдухамитова, Б.Асаналиев, Ч.Бекбаева, А.Мукамбетова. Кыргыз акын-жазуучулары балдарга. 2016
3. С.Рысбаев,Б.Абдухамидова. Рабаят. 2016.
4. Жорупбеков С. Кыргыз ким? Бишкек 2015.
5. Сарыгулов Д. Кыргыздын байыркы жана азыркы абалы. Бишкек 2003.
6. Нарматов А. Жашоонду өзгөрт. Бишкек 2011.


***Рецензент: ф.и.д., профессор Байгазиев С.О.***